## *Сабактын темасы: Ч.Т.Айтматов “Эрте келген турналар” повести*

Кыргыз адабияты 7-класс

Сабактын максаты:

| | | |
|---|---|---|
| **Билим берүүчүлүк:** | ➢ Чыгарманы толук билишет.<br>➢ Каармандарга талдоо жүргүзүп, аларга баа бере алышат. | Эгер окуучулар повестти толук түшүнүшсө;<br>Эгер балдардын кыйын күндөрдөгү ахыбалын көрө алышса; |
| **Өнүктүрүүчүлүк:** | ➢ Окуучулар туура ойлонуу логикасын, сүйлөө кебин, сөз байлыгын өстүрүшөт. | Коюлган суроону так түшүнүп, анализдей алышса; |
| **Тарбия** | Окуучулар патриоттуулукка, жоопкерчиликке, аракетчиликке, биримдикке, бири-биринин оюн сыйлоого, шамдагайлыкка, ынтымактуулукка тарбияланышат. | |

Сабактын ыкмасы: изилдөөчүлүк

Сабактын жабдыланышы: “Эрте келген турналар” повестинен тексттер, карточкалар

**Эң биринчи жана эң негизги суроо эмне себептен чыгарманын аты “Эрте келген турналар” деп аталып калды?**

Сабактын жүрүшү:
1. Уюштуруучулук (учурашуу, жакшы маанай түзүү)
2. Үй тапгырмасын текшерүү

   а) Чыгарманын жанрын аныктоо (*лирикалык повесть,* адам менен жаратылыштын тыгыз байланышынын терени, өспүрүмдөрдүн көргөн кыйынчылыктары, алардын жоопкерчиликтери, алгачкы тунук махабат сезими).

   б) Мугалимдин сөзү:

   бул чыгарма 1975-жылЫ, Улуу Ата Мекендик согушка 30 жыл. Жазуучунун оюу: өспүрүмдөр үчүн жазылган повесть.

   в) эпиграфтын үстүндө ой жүгүртүү: (жашоо, өлүм, дыйканчылык жай мезгили...)

   Чыгарма боюнча суроолор:

1. “Эрте келген турналар” повестинде кайсы мезгил сүрөттөлөт?

**Жообу:** Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде бир кыргыз айылдагы болгон кыймыл сүрөттөлөт. Фронтко жараган бардык эркектер кан майданга кетишкен. Ошол себептүү айылдагы түйшүктөр аялдар менен жаш балдардын моюнуна жүктөлгөн. Фронтко нан керек. Алардын ордун балдар басышты.

2. Чыгарма кимге арналган жана эмне себептен?

**Жообу:** чыгарма жазуучунун уулу Аскарга арналган. Ал жана ал курактагы, силердин курактагы өспүрүмдөргө азыркы биз көрүп жаткан сонун, керемет жашоону бизге аталар кандай кыйынчылык менен алып келишкенин айткысы келген. Ошол каардуу мезгилде өспүрүмдөрдүн эрте балалык менен кош айтышып, Жеңиш күнүнө кошкон салымдарын айткысы келген.

3. Чыгарманын атын силер кандайча түшүнүп жатасыңар?

**Жообу:** “Эрте келген турналар” деп аталып калганынын себеби, турналардын учуп келиши. Бул эпизод чыгарманын туу чокусу, кульминациясы. Турналардын келиши - жакшылыктын белгиси, демек, мол түшүм болот. Чыгаманын атын өтмө мааниде дагы түшүнсө болот: өспүрүмдөрдүн эрте чоңоюшу, түйшүктү моюнга алышы, аз убакыттан кийин турналарга окшоп темир канат болуп болуп

учуп кетишип, ар жазда келип турушат. Дагы бир бир себеп, жазуучу турналарды – өлбөстүктүн белгиси деп жазат. Ошол канаттууга айланган согуш талаасында көз жумган, курман болгон жоокерлерди көрүүгө болот деген.

3. Залкар жазуучунун бул чыгармасын айтып берүү оңойбу?

**Жообу**: Жок, себеби бул жерде балдардын сезими: алардын ички жан дүйнөсү, кубанычы, кайгысы берилген. Ал эми бул нерсени айтып берүү оңойго турбайт.

4. Султанмурат жана анын досторунун кайсы сапаттарын баса белгилеп көрсөткүңөр келет?

**Жообу:** Улууга урмат, кичүүгө ызаат, кайраттуулук, чыдамкайлык, жашоону сүйүү, жоопкерчилик, эмгекчилдик...

5. Чыгарманын кайсы жеринде драмалык көрүнүш болду?

**Жообу**: Коштун аттарын уурулар айтап кеткен жери, себеби мындай кыйын мезгилде ат жок жер айдалбайт. “бул окуянын коркунучтуу маанисин Султанмурат мына ошондо түшүндү. Уурулар тура булар, коштун аттарын уурдап кетишпедиби! Ызасы ичтен өрттөп, алсыз ачуусу кайнады...”

6. Ушул кырдаалда Султанмурат өзүн кантип алып жүрдү?

**Жообу:** бул убакта өспүрүм өзүн өтө кайраттуу жана чечкиндүү көрсө алды. Досторунун алдында, фронт алдында өзүн жоопкер сезип, алдыда турган көркунучтан тайманбай, уурулардын артынан кууп жөнөдү.

7. Эмне себептен атасынын аты, Чабдардын өлүмү Султанмурат үчүн трагедия болду?

**Жообу:** Султанмураттын бардык үмүтү ушул Чабдар менен байланыштуу эле... “Атам согуштан кайтканда Чабдарга учкаштырып Ажымуратты, атасын бирге согуштан тосушмак... Атасын атка мингизип, экөө үзөңгү кармап эки жактан жүгүрүп алышмак... Эми, Ажымурат экөөбүз атамдын атын минип, станцияга барбайбыз. Аксайда жер айдалбайт...” Баланын бардык үмүтү кыйрады. Ошого ал ыйлап турду.

8. Чыгарманын финалдык эпизодун Султанмурат менен карышкырдын бетме-бет келүүсүн кандайча түшүндүңөр?

**Жообу:** кандай гана кыйынчылык жана коркунуч болсо дагы Султанмурат эрктүүлүгүн жана кайраттуулугун жоготкон жок. “Султанмурат жалтанбады. Болгондо өмүрүндөгү биринчи жолу жүрөгү муштумдай эт экенин, ал дүкүлдөп көкүрөгүн ургулап жатканын даана сезди... . Султанмурат жүгөндү оңтойлото кармап, илгери жүткүнө даяр турду.



1-кырдаал: “Каргашалуу, кандуу согушка чейинки тынч жашоо, деги ошондой жашоо болду беле?


1-карточка: 1-бөлүм боюнча: **География сабагында Султанмурат эмне жөнүндө кылданат?**



2-карточка: 1-3-бөлүм боюнча: **Согушка чейинки жашоосунан башкы каарман эмнени эстейт, эмнени ойлонот?**



3-карточка: 1-,2-,3-бөлүмдөрү боюнча: **Согушка кеткен атасын Султанмурат кандайча эстеп калды?**



2-кырдаал: “Султанмурат+Мырзагүл= эки ашык”  Алгачкы сезим...

1-карточка: 1-,2, 4-бөлүмдөр: Султанмурат менен  Мырзагүл өздөрүн  мектепте кантип алып жүрүшөт?



2- карточка 5-бөлүм Султанмураттын сезими кандай? (“ушул сүйүү сезими...”) .



3-карточка  7-бөлүм Сүйүү сезимин билдирүү



3- кырдаал: Кастыктан достукка... (Анатай менен дос болуу)

1-карточка   4, 5 - бөлүмдөр. Анатай менен болгон кармаш



2-карточка 6- бөлүм “Экөөнүн мына кармашы...”
3-карточка 8 –бөлүм Анатайдын атасынын ашында. Элдешүү (“Сен жөн гана айтып кой..., биз сага жардам беребиз...)

4-кырдаал: “Согуш жүрүп жатат, демек биз аскерче жашайбыз”. Жоопкерчиликтүү тапшырма



1-карточка 4-, -5-, 7-, 8- бөлүм  “Аксай десанттыгына” даярдануу

2-бөлүм 9-, 11-, 14- бөлүмдөр Аксайда: кол салуу, куугун
3-бөлүм 15-бөлүм Карышкыр менен кармашуу
Жыйынтык: 10-бөлүм Турна эмненин символу? Чыгарманын аталышынын мааниси, маңызы









**Үй тапшырма: повесттин негизинде**

1. Сүрөт тартуу
2. Чыгармага синквейн түзүү
3. Ушул балдардан алган таасирдин негизинде “Биз да ушул доордун баатырларыбыз” деген темада эссе жазып келүү

Көңүл бөлгөнүңүздөргө чоң ыракмат!

SOS Герман Гмайнер окуу-тарбия комплекси

***Ч.Т. Айтматов***

(1928- 2008-ж)



***Тема:***

# “ЭРТЕ КЕЛГЕН ТУРНАЛАР”

## ПОВЕСТИ БОЮНЧА

# АК-САЙ ДЕСАНТТАРЫ

Мугалим: Ниязалиева Н.С.

Бишкек